КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
ҮЧ-КОРГОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ АЙМАК ҮЧ-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО КЕНЕША

**Үч-Коргон айылдык кеңешинин VII чакырылышынын IV сессиясы**

**ТОКТОМ №4/1**

**2024-жылдын 18-апрель** **Үч-Коргон айылы.**

**Үч-Коргон айыл аймагынын административдик чек арасынын схемалык картасын макулдашуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформаны жүргүзүүнүн алкагында Баткен облусунун Кадамжай районунун Үч-Коргон айыл аймагынын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин “Кыргызмамжердолбоор” мамлекеттик ишканасы тарабынан түзүлгөн Үч-Коргон айыл аймагынын административдик чек арасынын схемалык картасын карап чыгып, жана талкуулап Үч-Коргон айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Үч-Коргон айыл аймагынын административдик чек арасынын схемалык картасы жана ага тиркелген чек ара баяндамасына макулдук берилсин.

2. Үч-Коргон айылдык кеңешинин төрагасына жана Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн башчысына схемалык картага кол коюу тапшырылсын.

3. Бул токтомдун көчүрмөсү Кадамжай жергиликтүү мамлекеттик администрациясына жөнөтүлсүн.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Айылдык кеңешинин төрайымы:** **М.Кочконова**